**М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий - изилдөө университети**

**«Кыргызстан Эл аралык университети» Академиялык консорциуму**

Д 08.24.697 Диссертациялык кеңеш

Кол жазма укугунда
***УДК: 338.012(575.2) (043.3)***

**Мадмаров Мидин Маматович**

# Айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жолдору

08.00.05 – тармактык экономика (экономика, тармактар, ишканалар, комплекстерди уюштуруу жана башкаруу)

экономика илимдеринин кандидаты
илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**Автореферати**

**Бишкек - 2025**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын түштүк бөлүмүнүн Гуманитардык жана чөлкөм таануу институтунда аткарылган.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | **Эргешбаев Уран Жумабекович**<br>экономика илимдеринин доктору, Ош мамлекеттик университетинин менеджмент жана маркетинг кафедрасынын профессору |
| **Расмий оппоненттери:** | **Жумабаев Жамалгазы Жумабаевич**<br>экономика илимдеринин доктору, М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий - изилдөө университетинин профессору, Бишкек шаары<br>**Келдибеков Талант Кочконбаевич**<br>экономика илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын директорунун орун басары, Бишкек шаары |
| **Жетектөөчү уюм:** | Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин экономика кафедрасы (720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Жибек-Жолу проспектиси, 394) |

Диссертациялык ишти коргоо 2025- жылдын 28- мартында саат 13.00дө М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетине жана "Кыргызстан Эл аралык университети" Академиялык консорциумга караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 08.24.697 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Тоголок Молдо көч., 58. Диссертациянын видеоконференциясына кирүү үчүн шилтеме: https://vc.vak.kg/b/082-s27-wxr-tw8

Диссертациялык иш менен М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетинин (720033, Бишкек ш., Тоголок Молдо көч., 58), "Кыргызстан Эл аралык университети" Академиялык консорциумдун (720001, Бишкек ш., Чуй просп., 255) китепканаларынан жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын расмий сайтынан таанышууга болот https://stepen.vak.kg/diss_sovety/d-08-24-697/.

Автореферат 2025-жылдын 28 - февралында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
экономика илимдеринин
кандидаты, доцент Байтерекова Г.С.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын эгемендүү мамлекеттүүлүгүнүн мезгилинде айыл чарба уюмдарында жаңы социалдык-экономикалык негизде түп-тамырынан бери кайра куруулар жүргүзүлүп, рынокту экономиканы өнүктүрүүгө багытталган көп тармактуу уюштуруучулук-экономикалык жана өндүрүштүк структура түзүлдү.

Кыргыз Республикасы жакынкы келечекте коом үчүн зарыл болгон айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн көлөмүн көбөйтүүгө мүмкүн болгон олуттуу айыл чарба потенциалына ээ, бул жагдай эмгек, жер, суу ресурстарын, ошондой эле техникалык, инвестициялык ресурстарды пайдаланууда жана бул чөйрөдө инновациялык иш-аракеттерди жайылтууда илимий жактан негизделген мамилелерди иштеп чыгууну жана өндүрүшкө киргизүүнү талап кылат.

Экономикада өзгөртүүлөр жүргүзүлүп жаткан шарттарда айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн көлөмүн көбөйтүү, айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу сыяктуу процесстер айыл чарба рыногун өнүктүрүүгө жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга илимий-методологиялык мамилени иштеп чыгууну талап кылат. Бул көйгөйлөрдү чечүү суроо-талап менен сунуштун, атаандаштыктын экономикалык мыйзамдарын рынок экономикасынын башка объективдүү мыйзамдары менен органикалык айкалыштырып комплекстүү кароо аркылуу мүмкүн болот. Ошону менен бирге айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн натыйжалуулугун жана ата мекендик товарлардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу маселелери азыркы учурда өтө актуалдуу болуп саналат.

Өзгөчө маанилүү теориялык жана методологиялык мааниге ээ болгон айыл чарба уюмдарынын рыноктук механизминин иштешинин, рыноктук мыйзамдардын объективдүү аракетинин жана колдонулушунун көйгөйү биротоло чечилди деп кароого болбойт. Бул өңүттөн алганда Кыргызстанда агрардык реформанын айрым көйгөйлөрү иш-аракеттин механизмин жана рыноктук закондорду ишке ашырууну эсепке албастан чечилип келген жана чечилип жатат. Айыл чарба продукциясынын рыногун илимий жактан негизделип калыптандырбай жана өнүктүрбөй туруп, айыл чарба өндүрүшүн натыйжалуу башкаруу, улуттук экономиканын өсүшү жана Кыргыз Республикасынын дүйнөлүк экономикалык мейкиндикке кириши мүмкүн эмес.

Бул жагдайлар алдынкы дүйнөлүк тажрыйбаны эске алуу менен өндүрүштүн натыйжалуулугун жана айыл чарба продукциясынын рыногун жогорулатууга илимий жактан негизделген мамилелерди иштеп чыгуу зарылдыгын жаратат.

Айыл чарбасынын натыйжалуулугун жогорулатуу көйгөйлөрү А. Р. Боев, И. Н. Буздалов, В. А. Добрынин, А. А. Шутьков, К. И. Шмелев, А. М. Емельянов, Е. С. Крылатых, В. И. Назаренко, И. А. Минаков, Н. И. Куликов, О. В. Соколов, С. С. Сергеев, А. Б. Советов, Е. Т. Сорокин, И. И. Карпенко, А. И. Амосов, В. А. Тихонов, В. Колганов, А. В. Петраков жана башка орус окумуштууларынын эмгектеринде каралган.

Кыргызстанда бул көйгөйгө Ж. Ж. Жумабаев, Ж. С. Джаилов, Д. С. Лайлиев, А. У. Орузбаев, М. Б. Балбаков, А. И. Исманов, Ш. М. Мусакожоев, К. А. Абдымаликов, К. А. Атышов, Р. К. Акназарова, К. Джумабаев, Б. И. Ибраимжанов, А. Кайсарбек, М. Ж. Айбашев ж.б. окумуштуулардын эмгектери арналган.

Айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн ар кандай көйгөйлөрүн иштеп чыгууга байланышкан изилдөөлөрдүн өтө интенсивдүү өнүгүшүнө карабастан, алар рыноктук экономикага өтүү шарттарында изилдөөнү талап кылган бир катар теориялык жана методологиялык кемчиликтер менен мүнөздөлөт. Рыноктук экономиканын пайда болушунун шарттарында айыл чарба өндүрүшүндө рыноктук механизмди жөнгө салуу үчүн айыл чарба экономикалык илиминин теориясынын жана методологиясы жетишсиз өнүккөндүгү, али шайкеш бекем пайдубал болуп санала электиги байкалат.

Бул жагдайлардын топтому теманы тандоону, изилдөөнүн маанилүү илимий-практикалык маанисин, негизги максатын жана жүктөлгөн милдеттерин аныктады.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүп жаткан негизги изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы, 2035-жылга чейин экономиканы өнүктүрүүнүн инновациялык модернизациялоо концепциясы жана 2017-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү программасы менен тыгыз байланыштуу болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Изилдөөнүн максаты - экономиканы өзгөртүп жаткан шартта айыл чарба уюмдарынин рыногунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуунун илимий негиздерин жана сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн белгиленген максатына ылайык төмөнкүдөй **милдеттерди** чечүү зарыл :

1. өндүрүштүн натыйжалуулугун аныктоонун теориялык ыкмаларын системалаштыруу жана аны түзүүчү факторлорду аныктоо; анын маани-маңызын, принциптерин, экономикалык мазмунун, структурасын, формаларын жана түрлөрүн тактоо менен айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун теориялык жана методологиялык көйгөйлөрүн аныктоо;
2. заманбап шарттарда айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун төмөндөшүнүн себептерине, ошондой эле республикада жүргүзүлүп жаткан экономикалык реформаларга талдоо жүргүзүү; айыл чарба өндүрүшү менен айыл чарба продукциясын кайра иштетүү ишканаларынын ортосундагы өз ара байланышты изилдөө;
3. айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууда насыя берүүнүн формаларын жана ыкмаларын, инвестициялык стратегияларды

жана өндүрүштүн көрсөткүчтөрүн жакшыртууга көмөктөшүүчү башка финансылык инструменттерди камтыган финансылык-насыялык механизмди сунуштоо;

4. айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн мамлекеттик жөнгө салуунун зарылдыгын теориялык жактан негиздөө; баалоо критерийлерин жана агроөнөр жай түзүмдөрүнүн экономикалык натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүн аныктоо; айыл чарба тармагында өндүрүштүн натыйжалуулугун мындан ары жогорулатуунун перспективдүү багыттарын иштеп чыгуу жана аныктоо;

5. айыл чарба уюмдарынын продукциясынын натыйжалуу рыногу үчүн рыноктук инфраструктураны түзүү схемаларын, анын ичинде логистиканы, маркетингди, келишимдик мамилелерди, мамлекеттик жөнгө салуу механизмдерин жана айыл чарба өндүрүүчүлөрүн колдоону өнүктүрүү маселелерин сунуштоо;

6. айыл чарба уюмдарынын натыйжалуулугун жогорулатууда инновациялык технологиялардын жана өндүрүштү башкаруунун заманбап ыкмаларынын ролун изилдөө. Санариптештирүү, автоматташтыруу, агротехнологияларды жана жаңы сортторду колдонуу сыяктуу технологиялык процесстерге инновациялык чечимдерди киргизүү мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле алардын өндүрүмдүүлүктү жогорулатууга жана чыгымдарды кыскартууга тийгизген таасирин баалоо.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы** айыл чарба уюмдарынын продукциясынын натыйжалуулугун жогорулатууну жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыздоону чагылдырган кеңири теориялык жана эмпирикалык материалдарды жалпылоо аракетин камтыйт. Төмөнкү илимий натыйжалар алынды:

– Айыл чарба уюмдарында өндүрүштүн натыйжалуулугун аныктоонун теориялык мамилелери системалаштырылды, айыл чарба уюмдарынын натыйжалуулугун жогорулатууга таасир этүүчү негизги факторлор аныкталды жана мүнөздөмө берилди, бул натыйжалуулукту баалоонун жаңы концептуалдык мамилелери сунушталды.

– Айыл чарба уюмдарынын продукциясын өндүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун теориялык жана методологиялык көйгөйлөрүнө талдоо жүргүзүлдү, бул натыйжалуулуктун маңызын, принциптерин, экономикалык мазмунун, структурасын, формаларын жана түрлөрүн аныктоого, ошондой эле өндүрүш процесстерин жакшыртуу үчүн практикалык сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берди.

– Заманбап экономикалык реформалардын шарттарында айыл чарба чарба уюмдарынын продукциясын өндүрүүнүн натыйжалуулугунун төмөндөшүнүн себептери талданды, айыл чарба өндүрүшү менен кайра иштетүү ишканаларынын ортосундагы өз ара байланыштар иликтенди, бул негизги көйгөйлөрдү аныктоого жана аларды чечтетүүнүн жолдорун сунуштоого мүмкүндүк берди.

– Айыл чарба уюмдарынын рыногунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн инвестициялык механизм иштелип чыкты, анын ичинде айыл чарба уюмдарынын рынокто натыйжалуулугун жана туруктуулугун жогорулатуу үчүн финансылык колдоону жакшыртуу жана инвестицияларды тартуу боюнча сунуштар киргизилди.

– Айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатууну мамлекеттик жөнгө салуу негизделди, рыноктук инфраструктураны түзүү механизмдери жана агрардык секторДО өндүрүмдүүлүктүн өсүшүн жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү стимулдаштыруу үчүн мамлекеттин натыйжалуу кийлигишүүсү сунушталды.

– Айыл чарба уюмдарынын экономикалык натыйжалуулугунун критерийлери жана көрсөткүчтөрү аныкталды, экономиканы кайра куруунун азыркы милдеттерине багытталган агрардык тармактын продуктыларын өндүрүүнүн натыйжалуулугун мындан ары жогорулатуунун перспективалуу багыттары иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** айыл чарба уюмдарынын продукциясын өндүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдорун негиздөөдө, экономиканы өзгөртүп жаткан шартта аны өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгууда турат.

Диссертацияда камтылган изилдөөлөрдүн негизги натыйжалары айыл чарба уюмдарынын продукциясын натыйжалуу өндүрүүнү калыптандырууда, айыл чарба уюмдарында рыноктук механизмди иштеп чыгууда, ошондой эле «Кыргызстандын экономикасы», «Агрардык экономика», «Ишкердиктин негиздери», «Маркетинг» ж.б. курстар боюнча окуу-методикалык курал катары сунушталышы мүмкүн.

**Изилдөөнүн экономикалык мааниси.** Диссертация экономиканы кайра өзгөрүп жаткан шарттарда айыл чарба уюмдарынын өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн мамлекеттин ролун күчөтүүнүн зарылчылыгынын теориялык жана методологиялык негиздерин ачып берет. Илимий жоболор жана сунуштар айыл чарба уюмдарынин рыногунун натыйжалуулугун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу маселелерин илимий-практикалык жогорку деңгээлде чечүүгө мүмкүндүк берет жана республиканын агрардык саясатын андан ары өнүктүрүү үчүн пайдаланылышы ыктымал.

**Коргоо үчүн берилген диссертациянын негизги жоболору:**

– айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун баалоо боюнча теориялык мамилелердин жаңы классификацисы иштелип чыкты жана системалаштырылды, ал азыркы айыл чарба өндүрүшүнүн шартында бул натыйжалуулукту жогорулатууга таасир этүүчү негизги факторлорго кыйла так жана толук талдоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет;

– айыл чарба уюмдарынын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууну аныктоочу негизги ички жана тышкы факторлор, анын ичинде технологиялык, экономикалык, социалдык жана экологиялык аспектилери аныкталды жана

мүнөздөмө берилди, бул башкаруу процесстерин оптималдаштыруу жана өндүрүштү пландаштыруу үчүн маанилүү кадам болуп саналат;

– айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун теориялык жана методологиялык көйгөйлөрүнө талдоо жүргүзүлдү, бул айыл чарба секторунун өзгөчөлүктөрүн жана азыркы экономикалык шарттарды эске алуу менен жаңы концептуалдык мамилелерди, натыйжалуулуктун формаларын жана түрлөрүн классификациялоону иштеп чыгууга мүмкүндүк берди;

– экономикалык реформалардын шартында айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун төмөндөшүнүн себептери изилденди жана айыл чарба өндүрүшү менен кайра иштетүүчү ишканалардын ортосундагы натыйжалуу айкалыштын жоктугу менен байланышкан көйгөйлөр аныкталды, ал көйгөйлөрдү координациялоону жакшыртуу жана жеткирүү чынжырларын түзүү аркылуу чечүү сунушталды;

– айыл чарбасын натыйжалуу мамлекеттик жөнгө салуунун зарылчылыгы негизделди, рыноктук инфраструктураны түзүүгө жана өндүрүмдүүлүктүн өсүшүн стимулдаштырууга багытталган, ага мамлекеттик субсидияларды, салыктык стимулдарды жана агрардык сектордогу инновацияларды колдоону камтыган механизмдер сунушталды;

– айыл чарба уюмдарынын экономикалык натыйжалуулугунун негизги критерийлери жана көрсөткүчтөрү аныкталды, алар өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет, экономиканы кайра куруунун шартында айыл чарба өндүрүшүн андан ары өркүндөтүүнүн перспективдүү багыттары сунушталды.

**Изденип алуучунун жеке салымы**. Изилдөөнүн жыйынтыгында автор айыл чарба уюмдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо боюнча жаңы теориялык жана методологиялык ыкмаларды иштеп чыкты, бул айыл чарба тармагындагы өндүрүш процесстерине таасир этүүчү факторлорду түшүнүүнү кыйла тереңдетүүгө мүмкүндүк берди. Айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугуна таасир этүүчү негизги экономикалык, социалдык жана технологиялык факторлор аныкталды жана мүнөздөмө берилди, айылдык ишканалардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун инновациялык механизмдери сунушталды. Изилдөөнүн алкагында финансылык туруктуулукту жакшыртууга жана айыл чарба тармагына инвестицияларды тартууга багытталган комплекстүү инвестициялоо механизми иштелип чыкты. Айыл чарбасын мамлекеттик жөнгө салуунун жаңы формалары сунушталды, бул анын өндүрүмдүүлүгүн жана рынокто туруктуулугун жогорулатууга көмөктөшөт.

**Изилдөө натыйжаларын апробациялоо.** Автор тарабынан иштелип чыккан сунуштар айыл чарба уюмдарынын чарбалык ишинин практикасына киргизилди. Айрым натыйжалар Кыргыз Республикасынын Экономикалык өнүгүү жана соода министрлигине караштуу Экономикалык стратегиялар борбору тарабынан жүргүзүлгөн “Кыргыз Республикасынын узак мөөнөттүү экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн болжолу”, “Кыргыз Республикасында туруктуу азык-түлүк рыногун калыптандыруу көйгөйлөрү” темалары боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн пайдаланылган.

Изилдөөнүн натыйжалары өлкөнүн бардык университеттеринде экономикалык дисциплиналар боюнча лекцияларды окууда да колдонулат.

**Диссертациянын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу**. Диссертациянын негизги мазмуну 7 илимий эмгекте жарык көргөн, анын ичинен 7 макала Россия Федерациясынын Россиянын илимий цитаталар индексинин илимий журналдарына, 1 макала КР УАК тарабынан сунушталган басылмаларга жарыяланган.

**Диссертациянын түзүмү**. Диссертация кириш сөздөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, пайдаланылган булактардын библиографиялык тизмесинен жана тиркемелерден турат, 180 баракты камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу, теориялык жана практикалык мааниси негизделген, изилдөө көйгөйлөрүнүн өнүгүү деңгээлине мүнөздөмө берилген, изилдөөнүн объектиси жана предмети аныкталган, изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери, илимий жана практикалык мааниси, автордун жеке салымы көрсөтүлгөн.

**«Айыл чарба уюмдарынын натыйжалуулугун жогорулатуунун теориялык негиздери жана мааниси» деген аталыштагы биринчи бөлүмдө** айыл чарба уюмдарынын натыйжалуулугун жогорулатуунун маңызы, принциптери жана объективдүү зарылчылыгы каралган.

Кыргызстандын заманбап айыл чарба тармагын тышкы жана ички түзүмү, ошондой эле өндүрүштүк, экономикалык жана соода байланыштары бар система катары эсептөөгө толук негиз бар.

Өндүрүштүн натыйжалуулугу – социалдык-экономикалык системанын нормалдуу иштешинин негизги фактору жана керектөөнүн өсүшүнүн жана социалдык маселелерди чечүүнүн негизги булагы болуп саналат. Академиялык коомчулук натыйжалуулуктун технологиялык, экономикалык, социалдык жана экологиялык түрлөрүн аныктайт. Натыйжалуулуктун бардык түрлөрү илимдин тийиштүү тармагы үчүн зор мааниге ээ. Өндүрүштүн экономикалык жагын изилдеген экономисттерге экономикалык көрсөткүчтөр керек болсо, экологдорго экологиялык көрсөткүчтөр зарыл. Алардын ар биринин өзүнүн индикаторлору бар жана аларды аныктоо үчүн алардын ар бирине тиешелүү маалымат керек. Көп сандаган майда дыйкан (фермер) чарбаларынын дефицитинин шартында айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун изилдөө анын бардык көрсөткүчтөрүн камтуу милдетин койгон эмес, натыйжалуулуктун жалпы көрсөткүчтөрүн иликтөө менен чектелди.

Айыл чарба экономикасында экономикалык жана технологиялык көрсөткүчтөр бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин эске алып, алар өзүнчө изилденет.

Экономикалык натыйжалуулуктун алгачкы мазмуну «чыгымдар жана өндүрүп чыгаруу» маселесинен келип чыгат. Натыйжалуулуктун маңызы процессте колдонулган сейрек ресурстардын көлөмү менен алынган

продукциянын көлөмүнүн ортосундагы байланышты чагылдырат. Демек, натыйжалуулукту жогорулатуу берилген суммадан көбүрөөк продукция алууну билдирет.

Республикалык деңгээлде айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугуна баа берүү дүң продукциянын тармактын жалпы чыгымдарына карата катышын көрсөтөт. Бул көрсөткүчтү аныктоо үчүн биз төмөнкү формуланы колдондук:

ДПо – По = Чо, (1.1)

мында ДП – бүтүндөй айыл чарбасынын дүң продукциясы;

По – бүтүндөй айыл чарбасынын пайдасы;

Чо - бүтүндөй өндүрүштүк чыгымдар.

Бул жерден айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун ($Н_п$) төмөнкүдөй эсептөөгө болот:

$$Н_п = \frac{ДПо}{Чо}, \qquad (1.2)$$

Бул тармактын дүң продукциясынын бирдигин өндүрүүгө кеткен чыгымдарды көрсөтөт. Бир катар жылдардагы айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугуна баа берүү анын төмөндөшүн же жогорулашын аныктайт.

Экономикалык натыйжалуулук кеңири экономикалык категория болуп саналат жана анын көрсөткүчтөрү менен критерийлери изилдөөнүн максаттарынын негизинде түзүлөт. Көрсөткүчтөрдү баалоо өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн факторлорду аныктоого мүмкүндүк берет. Өндүрүштүн көлөмүнүн өсүшү, б.а. экономикалык көрсөткүчтөрдү жакшыртуу экстенсивдүү жана интенсивдүү жолдор менен болушу мүмкүн. Экономикалык өсүштүн сандык жана сапаттык факторлору пайдаланылган ресурстардын кайтарымдуулук чараларын мүнөздөйт.

Кайра өндүрүүнүн натыйжалуулугу коомдун өнүгүүсүнүн сапаттык жагын билдирет жана өндүрүш процессинде алынган натыйжалар менен коомдук эмгектин чыгымдарынын ортосундагы байланышты билдирет. Өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуунун маңызы чыгымдарга салыштырмалуу натыйжанын тез өсүшүнөн турат, мунун натыйжасында натыйжа бирдигине коомдук эмгек азыраак талап кылынат [Мезенин В. А. Организационно-экономические основы адаптации сельскохозяйственных товаропроизводителей к рыночным исследованиям [Текст]/ В. А. Мезенин // Автореферат дисс. на соиск. уч. степени к.э.н. Екатеринбург. - 1998. – С. 6-10.].

Жалпысынан өлкөнүн экономикасынын натыйжалуулугун өлчөөнүн көрсөткүчтөрү жалпы улуттук кирешенин коомдук эмгектин жыйынды чыгымдарына болгон катышы болуп саналат [Экономическая теория национальной экономики и мирового хозяйства [Текст]/ Под. редак. А.Г. Грязновой и Т. И. Чечеловой. - М.: изд. «ЮНИТИ». -1998. -С. 97].

Ишкананын деңгээлинде пайдалуу натыйжага жетишүү – экономикалык эсептин натыйжалуулугу, ал эми натыйжа менен ага жетүүдөгү чыгымдардын ортосундагы айырма жеке натыйжалуулук деп эсептелет [Кирдянов И. И. Экономика организации [Текст]/ И. И. Кирдяков. - Учебник. – М.: ИНФРА-М,2009. – С. 280].

Орус окумуштуусу Попов Н. А. «Натыйжалуулуктун аныктамасы алынган натыйжа менен аны алууга кеткен чыгымдардын ортосундагы байланышты

болжолдойт» деп белгилеген [Попов Н. А. Экономика сельскохозяйственного производства [Текст]/ Н. А. Попова. - Учебник, М.: изд. ЭКМОС, 1999. – С. 124].

К. Р. Макконнелл жана С. Л. Брю мындай деп жазышат: «Натыйжалуулук өндүрүш процессинде колдонулуучу жетишсиз ресурстардын көлөмү менен кандайдыр бир керектелген продукциянын натыйжасынын ортосундагы байланышты мүнөздөйт» [Макконелл К. Р. Экономикс: принципы, проблемы и политика [Текст]/ К. Р. Макконелл, С. Л. Брю. - Бишкек.: Туран. -1996. Т.1. – С. 39]. Бул идея биздин республикада айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун орнотуу үчүн өзгөчө алгылыктуу болуп саналат.

Чарба жүргүзүүнүн натыйжалуулугунун теориялык негиздери эки аспектиде: коомдук өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугу жана тармактын, ишкананын же ресурстун экономикалык натыйжалуулугу жагынан каралат.

Чарба жүргүзүүнүн натыйжалуулугу өлчөнүүчү курамдык көрсөткүчтөр:

– критерийи;
– көрсөткүчтөрдүн системасы жана аларды эсептөө ыкмалары;
– уюштуруу-техникалык чаралардын системасы.

Биринчи экөө өндүрүштүн (кайра өндүрүүнүн) натыйжалуулугун өлчөөгө багытталган болсо, үчүнчүсү аны жогорулатууга багытталган.

Окумуштуулар өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугунун бир гана критерийи бар, ал эң аз чыгым менен продукциянын максималдуу көлөмүн өндүрүү деп эсептешет.

Экономикалык натыйжалуулук көрсөткүчтөрү кенири. Ошондуктан, биз коомдук өндүрүштүн натыйжаларын, коомдук чыгымдарды, өздүк наркынын натыйжалуулугун, негизги фонддордун рентабелдүүлүгүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн, каражаттардын кайтарымдуулугун, колдо болгон булактардын маалыматтары боюнча, б.а. статистикалык жыйнактар боюнча иликтедик.

**“Ош облусунун айыл чарба уюмдарынын абалына талдоо” деген экинчи бөлүмдө** Кыргызстандын ЕАЭБге киргенге чейинки жана андан кийинки экономикалык көрсөткүчтөрү, Ош облусунун айыл чарба уюмдарынын абалы каралды, айыл чарба уюмдарынин тармактарын өнүктүрүүгө талдоо жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн объектиси** Кыргыз Республикасынын ар кандай менчик жана чарба жүргүзүү формаларындагы айыл чарба уюмдары, баштапкы кайра иштетүүчү жана тейлөөчү ишканалары болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети** кайра иштетүү өнөр жайы менен айыл чарба өндүрүшүнүн ортосунда экономикалык мамилелерди түзүү менен байланышкан айыл чарба уюмдарын башкаруунун рыноктук механизмин теориялык, экономикалык жана уюштуруу маселелеринин топтому болуп эсептелет.

**Изилдөө методдору:** диссертациялык иште салыштыруу, шайкеш келтирүү методдору, системалык талдоо, логикалык метод, эксперттик баалоо методу, корреляциялык метод жана башка методдор колдонулду.

Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы ар дайым өндүрүштүн маанилүү тармактарынын бири болуп келген жана болуп кала берет, акыркы бир нече жылда Кыргызстандын айыл чарба сектору туруктуу оң динамикага жетише алды, анткени айыл чарба продукциясын өндүрүүнү көбөйтүү тенденциясы байкалууда, 2.1 – таблицанын маалыматы. Демек, айыл чарба көйгөйлөрүн чечүү Кыргызстандын экономикасы үчүн артыкчылыктуу маселе болуп саналат.

2024-жылдын 1-январына карата республиканын аймагында айыл чарбасы чөйрөсүндө иш алып барган 487, 7 миңден ашык чарба жүргүзүүчү субъектилер катталган, анын ичинен 361,5 миң дыйкан (фермердик) чарбалары болуп саналат.

**2.1 - таблица. Кыргыз Республикасынын жана Ош облусунун айыл чарбасынын негизги көрсөткүчтөрү**

| **Аталышы** | **2019** | **2020** | **2021** | **2022** | **2023** |
|---|---|---|---|---|---|
| КР-Иштеп жаткан айыл чарба субъектилеринин саны | **452 803** | **462 129** | **468 011** | **473 994** | **487 702** |
| Ош облусу | 125 211 | 127 955 | 131 175 | 134 260 | 138 950 |
| жалпы көлөмдөгү үлүшү % | **27,7** | **27,7** | **28** | **28,3** | **28,5** |
| КР – Айыл чарбасынын дүң продукциясынын көлөмү – жалпы, учурдагы баада миллион сом | 214 845,3 | 242 095,3 | 315 035,5 | 345 293,6 | 364 134,6 |
| Ош облусу | 41 175,8 | 47 853,3 | 62 370,9 | 70 386,7 | 72 800,9 |
| Жалпы көлөмдө айыл чарбасынын дүң продукциясынын үлүшү | 18,9 | 19,8 | 19,8 | 20,1 | 19,5 |
| Айыл чарба продукциясынын физикалык көлөмүнүн индекси, % | | | | | |
| Кыргыз Республикасындагы өсүмдүк өстүрүү | **110 782,2** | **125 749,6** | **169 701,3** | **177 432,8** | **183 113,1** |
| Ош облусу | **18 849,9** | **22 283,7** | **31 297,3** | **35 891,6** | **35 324,2** |
| Жалпы көлөмдө айыл чарбасынын дүң продукциясынын үлүшү, % | | | | | |
| Кыргыз Республикасынын мал чарбасы | **104 063,1** | **116 345,7** | **145 334,3** | **167 860,8** | **181 624,2** |
| Ош облусу | **22 325,9** | **25 569,6** | **31 073,6** | **34 495,1** | **37 476,7** |
| Жалпы көлөмдө айыл чарбасынын дүң продукциясынын үлүшү, % | | | | | |
| Кыргыз Республикасы | 102,6 | 101,0 | 95,2 | 107,3 | 100,6 |
| Өсүмдүк өстүрүү | 102,8 | 100,2 | 88,4 | 111,5 | 98,4 |
| Мал чарбасы | 102,5 | 102,0 | 102,0 | 102,6 | 102,3 |
| Ош облусу | **102,3** | **101,0** | **100,9** | **102,8** | **101,6** |
| Өсүмдүк өстүрүү | 103,2 | 100,1 | 99,6 | 104,3 | 100,8 |
| Мал чарбасы | 101,8 | 101,9 | 102 | 101,4 | 101,9 |

Булак: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандарда. - Кирүү режими: www.stat.kg. – башкы беттен.

Республика боюнча 2023-жылы айыл чарбасынын дүң продукциясынын көлөмү 364,1 миллиард сомдон ашык көрсөткүчтү түздү. Мында 2023-жылы физикалык өндүрүштүн көлөмүнүн индекси өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 100,6 пайыз болду.

Айыл чарба өндүрүшүнүн экономикалык көрсөткүчтөрүнө көптөгөн жана ар түрдүү факторлор таасир этет, негизги көрсөткүчтөрү болуп айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү, малдын продуктуулугу, эмгектин жалпы чыгымы, продукциянын сапаты, жердин түшүмдүүлүгү, капиталдын өндүрүмдүүлүгү, эмгек өндүрүмдүүлүгү ж.б. саналат.

2023-жылы 89 663 гектар жерге кылкандуу дан эгиндери, 13 136 гектар жерге картөшкө, 9 765 гектар жерге жашылча, 8 148 гектар жерге пахта жана башкалар себилген. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоо аянттарынын курамы төмөнкүлөрдөн турат; дан эгиндери 51,3%, техникалык өсүмдүктөр 5,9%, жашылча, бак-дарбыз жана картөшкө чогуу 14%, тоют өсүмдүктөрү 28,8% түзөт.

Маалыматтарды изилдөөдө биз акыркы беш жыл ичинде жалпы айыл чарба продуктусу менен анын өндүрүшүнүн жалпы наркынын ортосундагы байланышты карап чыктык. Изилденип жаткан жылдарда айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн жалпы көлөмү 2019-жылдын деңгээлине салыштырмалуу 2023-жылы 169,8%, жалпы чыгашалар 169,4% түздү. Жалпы чыгымдарды кыскартуу кирешени беш эсе дээрлик көбөйтүүгө мүмкүндүк берди.

**2.2 - таблица. Кыргыз Республикасындагы айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугу**

| | Республиканын айыл чарбасы миллион сом | | | Чыгымдардын 1 сомуна продукцияны өндүрүү, сом |
|---|---|---|---|---|
| | Продукцияны жалпы өндүрүү | Тең салмактуу киреше | Жалпы өндүрүштүк чыгымдар | |
| 2019 | 214845.2 | 253.5 | 214591.7 | 1,0012 |
| 2020 | 242095,2 | 408.9 | 241686.3 | 1,0017 |
| 2021 | 315035,5 | 806.8 | 314228,7 | 1,0026 |
| 2022 | 345293,6 | 1017.2 | 344276,4 | 1,0030 |
| 2023 | 364737,3 | 1300,5 | 363436,8 | 1,0036 |
| 2023-ж. 2019-ж. карата, % | 169,8 | 513,0 | 169,4 | 100,2 |

Булак: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандарда. - Кирүү режими: www.stat.kg. – башкы беттен.

Чыгымдардын 1 сомуна айыл чарба продукциясын өндүрүү алгылыктуу бойдон калууда, бирок биз аны жетишсиз деп эсептейбиз.

Илимде тармактын экономикасы үчүн жана жалпысынан окшош болгон натыйжалуулукту баалоонун бир нече көрсөткүчтөрү белгилүү. Алар өндүрүштүн натыйжаларын жана чыгымдарын эске алат жана жалпы көрсөткүч болуп саналат. Айыл чарба өндүрүшүнүн бул көрсөткүчтөрүн эсептөө 2.2-таблицада көрсөтүлгөн. Натыйжалуулуктун башка көрсөткүчтөрү: айыл чарбасында жандуу эмгекти, негизги фонддорду, айыл чарба жерлерин пайдалануу, ошондой эле чыгашалардын жана негизги каражаттардын

рентабелдүүлүгү биз тарабынан ачык статистикалык маалыматтар боюнча эсептелди.

Жандуу эмгектин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчү — эмгек өндүрүмдүүлүгү болуп саналат. Өндүрүштүн капиталдык сыйымдуулугу натыйжалуулукту жогорулатуунун негизи болуп эсептелет жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн жана капиталдын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун каражаты болуп саналат. Изилдеп жаткан жылдарда 2022-ж. кошпогондо капиталдын өндүрүмдүүлүгү жана эмгек өндүрүмдүүлүгү өскөн. Чыгымдардын жана активдердин рентабелдүүлүгү төмөн, бирок туруктуу өсүүдө, 2.3 – таблицанын маалыматы. Бул дыйкан (фермердик) чарбаларынын ишин коммерциялаштыруунун натыйжасы деп эсептейбиз. Алар айыл чарба өндүрүшүнүн курамында үстөмдүк кылат.

**2.3 - таблица. 2019-2023-жылдарга айыл чарба өндүрүшүнүн экономикалык натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрү**

| | Активдердин кирешелүүлүгү, сом | Эмгек өндүрүмдүүлүгү мин сом | Рентабелдүүлүк, % | |
|---|---|---|---|---|
| | | | чыгымдар | каражаттар |
| 2019 | 0,3 | 291,5 | 0,1181 | 0,0303 |
| 2020 | 0,3 | 371,5 | 0,1692 | 0,0456 |
| 2021 | 0,4 | 444,5 | 0,2568 | 0,1113 |
| 2022 | 0,5 | 628,2 | 0,2955 | 0,1550 |
| 2023 | 0,4 | 511,3 | 0,3578 | 0,1550 |
| 2023-ж. 2019-ж. карата, % | 133,3 | 175,4 | 303,0 | 511,6 |

Булак: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандарда. - Кирүү режими: www.stat.kg. – башкы беттен.

Биз эсептеген натыйжалуу көрсөткүчтөр бири-бири менен байланыштуу жана бири-бирин толуктап турат.

Айыл чарба жерлери айыл чарба өндүрүшүнүн негизин түзөт. Мындан тышкары, айыл чарба жерлери өндүрүштүн негизги каражаты болуп саналат жана ал аймактык жактан чектелүү жана сейрек ресурстарга кирет. Ошондуктан айыл чарба экономикасында айыл чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун баалоо үчүн 100 гектар айыл чарба жерине жалпысынан айыл чарба жана мал чарба продукциясынын дүң продукциясын өндүрүшү пайдаланылат, ал эми дыйканчылыктын натыйжалуулугу 100 гектар айдоо жерине түшүмдүүлүк менен бааланат.

Республикада баалар туруксуз жана өсүү байкалууда, ошондуктан айыл чарба эмгек өндүрүмдүүлүгүн эсептөөдө айыл чарбасынын дүң продукциясы 2023-жылдагы баалар менен эсептелет.

Экономикалык натыйжалуулук боюнча биздин эсептөөлөр изилденип жаткан мезгилдин ичинде айыл чарба жерлерин пайдалануунун бардык

көрсөткүчтөрү боюнча дүң продукция өсүп жаткандыгын көрсөтөт. Республикада 2023-жылы 100 гектар айыл чарба жерине дүң продукциянын өсүү темпи 2019-жылга салыштырмалуу 106,1%га, ал эми мал чарбачылыгында 106,9%га өскөн. Айыл чарба жерлеринин 100 гектарына мал чарба продукциясынын көбөйүшү аны экстенсивдүү өнүктүрүүнүн эсебинен, б.а. малдын санынын өсүшүнө байланыштуу болду. Бул факторлор айыл чарба өндүрүшүнүн технологиялык натыйжалуулугун талдоодо кийинчерээк талданат. Ушул эле мезгилдерде 100 айдоо жерге айыл чарба өсүмдүктөрүн өндүрүүнүн өсүү темпи 101,1 % түздү.

Мал чарба продукциясынын өсүү темпи өсүмдүк өстүрүүчүлүктөн алдыда, 2.4-таблицанын маалыматы. Бул ички рынокто, ошондой эле тышкы рынокто кымбат баалуу, экологиялык жактан таза мал чарба продукциясына суроо-талаптын өсүп жатканын көрсөтөт. Мындан тышкары республиканын калкынын кирешелеринин өсүшү жана ошого жараша калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн жогорулашы мал чарбачылыгынан азык-тулук продуктыларын өндүрүүнү көбөйтүүгө түрткү берет.

**2.4 - таблица. Республикада жана Ош облусунда 2019-2023-жылдарга айыл чарба жерлерин пайдалануунун натыйжалуулугу**

| Жылдар | 100 гектар айыл чарба жерине дүң продукция, миң сом | | | | 100 гектар айдоо аянтына айыл чарба өсүмдүктөрүнүн дүң продукциясы, мин сом | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Айыл чарба продукциясы, жалпы | | Мал чарба азыктары | | | |
| | Республ. | Ош обл. | Республ. | Ош обл. | Республика | Ош обл. |
| 2019 | 3398,5 | 4232,7 | 1649,1 | 2197,8 | 14261,7 | 18986,1 |
| 2020 | 3445,2 | 4275,0 | 1656,9 | 2238,1 | 14414,9 | 19005,1 |
| 2021 | 3278,6 | 4313,5 | 1511,8 | 2284,7 | 14502,4 | 18929,1 |
| 2022 | 3544,5 | 4434,3 | 1710,1 | 2318,2 | 14338,3 | 19743,0 |
| 2023 | 3605,0 | 4505,2 | 1762,9 | 2372,3 | 14671,5 | 19901,0 |
| 2023-ж. 2019-ж. карата, % | 106,1 | 106,4 | 106,9 | 107,9 | 101,1 | 104,8 |

Булак: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [Электрондук ресурс] / Кыргызстан сандарда. - Кирүү режими: www.stat.kg. – башкы беттен.

